МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КЫРГЫЗСКИЙ ЭКОНОМИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
им. М.Рыскулбекова


*Дисциплинанын аталышы жана коду*: **Б.1.1**

| | |
|---|---|
| **Лектор** | **Ашырова Нургул Саякбековна** |
| **Байланыш маалыматтары:** | 0700198099 |
| **Кредиттин саны:** | 2 |
| **Датасы:** | **02.09.2020-21.** |
| **Сабактын максаты жана милдеттери** | "Манастаануу" курсунун максаты жана актуалдуулугу<br>"Манас" эпосу– кыргыз элинин көркөм сөз өнөрүнүн эң бийик үлгүсү, миң жылдар бою оозеки айтылып келе жаткан байыркы элдик чыгармаларынын улуу мурасы. Эпосто кылымдар бою кыргыз элинин башынан өткөн социалдык-тарыхый тагдырын, душмандарга көз карандылыктан кутулуу үчүн жүргүзгөн баатырдык күрөшүн, уруучулук карама-каршылыктарын сүрөттөйт. Көлөмүнүн зордугу жана көркөм-поэтикалык өзгөчөлүктөрү, бай мазмуну жагынан да"Манас" үчилтиги индустардын"Махабхараты", гректердин"Иллиадасы" менен"Одиссеясы", ирандын"Шах-Наамеси", орус элинин"Илья Муромеци", финдердин"Калеваласы" өңдүү дүйнөлүк эпосторунан алдыңкы катарда турат.<br>"Манас" эпосу кыргыз элин басып алуучулардан коргоо, элди биримдикке чакыруу, ички чыккынчылар менен күрөшүү, кыргыз элинин эркиндиги менен көз карандысыздыгын, руханий, адеп-ахлактык, маданий, улуттук, жалпы адамзаттык ж.б. баалуулуктарын сактоо үчүн жасаган эрдиктерин баяндайт.<br>"Манас" жалпы адамзаттын рухунан жаралган көөнө эпос. Кылымдар бою өчпөй, унутулбай келген кыргыз элинин бул улуттук эпосу көлөмү жагынан эле эмес, жандуулугу, азыркы күнгө чейин элдин эс-тутумунда сакталып, оозеки түрдө өмүр сүрүп келиши менен, бизге белгилүү дүйнөлүк бардык оозеки чыгармачылыктын баалуулуктарынын ичинен өзгөчө айырмаланып турат. Анын өзгөчөлүгү- байыркы мифтик катмарлардан тартып, тарыхый баскычтарды, кыргыз элинин тарыхын, эл турмушунун бардык кырларын көркөм реалдуу чагылдыргандыгында.<br>"Манастаануу" сабагын окуп-үйрөнүүнүн максаттары:<br>• Көркөм сөз өнөрүнүн дүйнөдө теңдеши жок болгон эпосубуздун дүйнөлүк маданиятта алган орду, маани-маңызы, жазып алуу, жыйноо, изилдөө, басып чыгаруу иштери менен тааныштыруу;<br>• "Манас" эпосунда чагылдырылган акыл ой-тажрыйбасын тексттен таба билүү;<br>• Эпостун мазмунун менен тааныштырып, өзөктүү окуяларын окутуу;<br>• Манасчылардын өмүр баяны жана чыгармачылыктары менен тааныштыруу;<br>• Эпосту кыраты менен окууга машыктыруу;<br>• Эпос ар тараптуу билим алуунун, тарбия берүүнүн энциклопедиясы экенин студенттердин аң-сезимине, жан-дүйнөсүнө жеткирүү, улуу эпосубуз менен сыймыктануу сезимин калыптандыруу;<br>• Эпостун руханий-патриоттук, адеп-ыймандык мазмунун ачып берүү;<br>• Элин-жерин сүйүп, мекенчилдикке тарбиялоо максатын көздөйт. |

| | |
|---|---|
| **Курстун баяндалышы** | Кыргыз элинин өткөндөгү көчмөндүү турмушунда эпос өтө зор роль ойногон,<br>анткени абалтан эле кыргыздардын айттырып угуп, таалим-тарбия ала турган адабияты да, музыкасы да, көрүп көңүл ача турган театры да, музыкасы да“Манас” болгон. 19-кылымдын орто ченинде казак окумуштуусу Чокон Валиханов:“Манасты”–“талаа Иллиадасы”, ал эми“Семетей” эпосун–“буруттардын Одиссеясы”– деп атаган.<br>Ошол кездеги ири түрколог В.В.Радлов:“ Манастан” элдин бүткүл турмушу, бардык умтулуштун элеси көрүнөт”,- деп белгилеген.<br>Элдик оозеки чыгармалардын көптөгөн жанрларын“Манас” эпосунан көрүүгө<br>болот.“Манас”– Манас баатырдын жана анын баласы Семетей, небереси Сейтектин өмүрү, баатырдыгы, эрдиктери баяндалган бирдиктүү, композициялык бүтүндүктөгү улуу дастан. Бул баатырлар кыргыз элин бириктирип, жалпы элдин эркиндиги үчүн күрөшкө үндөйт. |
| **Сабакка чейинки пререквизиттери** | Эпос боюнча билген маалыматтарын бышыктоо, кызыгуусун, эпосту окуу ынтызарлыгын арттыруу; |
| **Сабактан кийинки постреквизиттери** | Окуу курсу аяктаганда студент төмөнкүлөрдү билүүгө тийиш:<br>✓ “Манас” эпосунун туруктуу өзөк окуяларын окуу жана билүү, ыр саптарынан жатка айта билүү;<br>✓ Манас бабабыздын Антын,“Манас” гимнин жатка айта билүү,<br>✓ “Манас” эпосунун жети осуятынын маанисин түшүнүп айта билүү;<br>✓ Манасчылардын жана изилдөөчүлөрдүн өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө билүү;<br>✓ Ар бир окуяны иреттүү түшүнүп, өз оюн туура, оозеки билдирүү;<br>✓ Жазуу иштеринде өз көз караштарын, пикирин жана сунуштарын ирети менен жаза билүү;<br>✓ Пикир алмашууда “Манас” эпосунан учкул сөздөрдү, элдик айтымдарды, ыр саптарын колдоно билүү;<br>✓ Эпизоддорду көркөм окуу, окуп түшүнүү; эпосунун адеп-ахлак, ар-намыс, достук маселелерин, тарбиялык маанисин түшүнө билүү;<br>✓ “Манас” эпосу боюнча иллюстрацияларды жыйноо, слайддарды түзүү;<br>✓ Тарыхый маалыматтар,“Манас” айылы жөнүндө текст түзүп, баяндап берүүсү. |
| **Күтүлүүчү компетенциялар** | “Манастаануу” курсун өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптануучу<br>**компетенциялар:**<br>✓ “Манас” эпосунун уникалдуулугун, жалпы адамзаттык философиялык мааниси зор жана терең экендигин, ички маңызын түшүнө билүүгө, тексттен үзүндү келтирип, маанисин чечмелеп берүү;<br>✓ Адам катары калыптануу шартында анын эркиндигин, өмүрүн, жаратылышты, маданиятты сактоо жоопкерчилигин өстүрүү;<br>✓ Жан-дүйнөсүнө“Манастын” тил байлыгын сиңирип, өз оюн, пикирин таамай,кыска жана нуска айта билүүгө, көркөмдөп сүйлөй жана жаза билүүгө, эпостун сөз берметтерин сүйлөө кебинде колдонууга, кептик чеберчиликти өнүктүрүү;<br>✓ Окумуштуулардын илимий пикирлерин окуп, түшүнүп жана сын ой жүгүртүп, өз пикирин билдирүүсү, жыйынтык чыгара билүү жөндөмү.<br>Сабактын негизги түрү– лекция жана семинардык сабактар. Мындан сырткары<br>студенттер менен аңгемелешүү, реферат, илимий макала жазууга багыт берүү жана окутуунун техникалык каражаттарын колдонуу. |

| | |
|---|---|
| | **Билүү:** өзүнүн мекени менен сыймыктануу, тарыхый баалуулуктарды баалай билүүсү, элибиздин каада-салтынын тарбиялык маанисин, ата-бабалар калтырган осуяттардын негизинде салтты билүүсү;<br><br>**айта билүү**: көркөм окуу жөндөмдүүлүгү артып, тили жатыгып, оозеки сөз байлыгы байып аларды айта билүүсү,<br><br>**колдоно билүү:** мамлекеттик тилдин мааниси жана орду жөнүндө түшүнүп, ой пикирин турмушунда колдоно билүүсү, мекенибиздин атагын чыгарган белгилүү инсандарды ажырата билүү**,** алар жөнүндө маалымат топтоо жөндөмүн колдоно билүүсү; |
| **Курстун саясаты** | Манастаануу башка окуу предметтери сыяктуу студенттердин дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырат жана турмушта инсан катары өз алдынча калыптанууга жардам берет. Эң негизгиси улут катары сакталыш үчүн курстун тийиштүү түрдө окутуу мамлекетибиздин жана билим берүү системасынын өзөгү экенин унутпашыбыз керек. |
| **Окутуунун методу** | “Манастаануу” курсун окутуудагы интерактивдүү ыкмалар:<br>• Конкреттүү кырдаалды талдоо(ККТ), “Ой калчоо ыкмасы” (мээге чабуул),“Эки бөлүктүү күндөлүк”,“Ротация” (орун алмашуу ыкмасы)<br>• РАФТ,синквейн,.Даймонд, Венндик диаграмма<br>• “Концептуалдык жана фактологиялык суроолор” ыкмасы ж.б. |
| **Билимин текшерүүнүн формасы** | Жазуу жана оозеки формасында<br>• модулдук тапшырмалар<br>• тесттер<br>• дил баян, эссе<br>• жеке жана топ менен чыгармачылык иштер, көркөм окуу<br>• ар бир кезектеги көзөмөл, жыйынтыктоочу жазуу, текшерүү иштери. |
| **Адабияттар:**<br><br>**Негизги** | Негизги адабияттар:<br><br>1.Адылова Б.К., Ашырова Н.С “Манастаануу” ОУК, 2017<br><br>2. Т.А. Бакчиев.,“Манастаануу” Б.,2012<br><br>3. С.Байгазиев.,“Манастаануу” Б.,2011<br><br>4. Б.Турал, Т.Тургуналиев Б.,“Манас” боюнча хрестоматия.,2013<br><br>5. Т.А.Бакчиев.,“Манасчылар”, Б.,2010<br><br>6. А.Жакыпбек.,“Теңири Манас”, Бишкек“Кыргызстан”,1995<br><br>7.“Манас” Энциклопедия 1-2 том Бишкек,1995<br><br>8.“Манас” эпосу(С.Каралаевдин варианты) Ф.,Кыргызстан1984<br><br>9. А.Максүтов,“Айкөл Манас баяны” Б.,2014<br><br>Кошумча адабияттар:<br><br>10. Б.А.Каримова,«Манастаануу», Б,2012<br><br>10. Б.К.Оторбаев.,“Манас” эпосу, Б.,2007 |

| | |
|---|---|
| | 11. Улуттук илимдер Академиясынын кол жазмалар фондунун №738, №4095, №378 папкалары<br>12. Улуу манасчы Сагымбай, Казалдар, эскермелер, иликтөөлөр Б.,1992<br>13. М. Убукеев, Консервация эпоса“Манас” в контексте современной культуры.– В.кн.Эпос“Манас” и искусство” Б.,1994<br>14. М. Ауэзов,“Киргизский героический эпос“Манас”. Алма-Ата Казгосиздат,1961<br>15. Р.З.Кыдырбаева,“Генезис эпоса“Манас”– Ф.,Илим1979<br>16.А.Асанканов, Н.Х.Бекмухамедова.“Акындар жана манасчылар кыргыз элинин руханий маданиятын түзүүчүлөр жана сактоочулар”.– Б.,1999<br>17. С.Мусаев,“Манас” эпосу(кара сөз түрүндө) Ф., Илим,1983<br>18. Ч.Айтматов,“Манас– океан эпос”–Б.,Илим,1994<br>19. К.Рахматулин., Творчество манасчы.–Ф., Илим,1968<br>20. А.Акматалиев., Избранное.– Б.,Илим,1996.1-2 том<br>21. А.Акаев,“Манастан” мамлекеттүүлүккө карай. Б.,1995<br>22. С.Орозбаков,«Манас»1-4томдор, Ф.,1978-1982<br>23. С.Каралаев,«Манас»,«Семетей»,«Сейтек», Ф.,1982-1987<br>24. Б.Максүтов,« Эр Семетей баяны»,«Сейтек», Б,1995,1997. |
| **СӨИ** | |
| **Кошумча түшүнүк.** | КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 27-ноябрындагы №1455/1 буйругунун негизинде Жогорку профессионалдык билим берүүнүн Мамлекеттик стандартына “Кыргыз тили жана адабияты” деп өзгөртүү киргизилгендигине байланыштуу силлабуска да өзгөртүүлөр киргизилди. |

## Календардык-тематикалык план (темалардын жумага саат менен көрсөтүлүшү)

| № | Дата сы | Темасы | Сааттын саны | Адабияттар | Модуль боюнча суроолор |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 02-05- 09. 20// 18-23 01. 21 | Манас» - кыргыз элинин тарыхын чагылдырган энциклопедия. | 2 | **Адабияттар:**<br>Негизги:<br>“Манас” үчилтиги.<br>А.Жакыпбек “Теңири Манас” китеби,<br>Адылова Б.К., | Эпостун дүйнө жүзүнө таанылышы. ЮНЕСКО тарабынан катталышы |
| 2 | 07-11. 09. 20// 25-30 01.21 | «Манас» эпосун эл оозунан жыйноо, жарыялоо, изилдөө иштери. | 2 | | Жергиликтүү жана чет элдик изилдөөчүлөр б-ча маалымат |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3-4 | 14-26. 09. 20// 01-12 02.21 | Манасчылык өнөр. Улуу жана азыркы муундагы манасчылар | 4 | Ашырова Н.С ., “Манастаануу” ОУК Т.А.Бакчиев.,“Манасчылар ”, Б.,2010 | Манасчылардын бүгүнкү орду. Залкар жана жаш муундагы манасчылар |
| 5-8 | 28.09-31.10.20// 15.02-12.03.21 | «Манас» эпосундагы туруктуу өзөк окуялар. | 8 | 5А.Жакыпбек.,“Теңири Манас”,Бишкек“К”,1995 “Манас”Энцик 1-2том Бишкек,1995 | Салттык туруктуу окуялар (эпизоддор) боюнча конспект |
| 9-10 | 02-14-11 20// 15-26.03.21 | Манастагы» каармандардын образдары. Алардын каармандык, кайраттуулук, тайманбастык,патриоттуулук, акылмандык, намыскөйлүк сапаттары | 4 | Манас” эпосу (С.Каралаевдин варианты) Ф.,Кыргызстан1984 А.Максүтов,“Айкөл Манас баяны” Б | Каармандар боюнча Вендиаграмма |
| 11 | 16-21.11. 20// 22-26.03.21 | «Манас» эпосунан алынган жети осуят. | 2 | Избранное.– Б.,Илим,1996.1-2 том А.Акаев,“Манастан” мамлекеттүүлүккө карай. Б.,1995 | Бүгүнкү күндө актуалдуубу? |
| 12 | 23-27. 11 2020// 29.03-02.04.21 | “Семетей”, “Сейтек” эпосторунун темасы жана идеясы | 2 | С.Мусаев,“Манас” эпосу(кара сөз түрүндө) Ф., Илим,1983 | “Өздөн чыккан жат жаман, өзөктөн күйгөн өрт жаман |
| 13 | 30-205. 12.20//5-09.04.21 | «Манас» эпосу искусствонун тармактарында | 2 | Слайд, видео | Эпоско экинчи өмүр берүү деген эмне? |
| 14 | 07-12.20 2020// 12-16.04.21 | “Манас ”айылына саякат | 2 | Саякатка чыгуу | Тарыхый эстеликтерге баруу бүгүнкү күндө актуалдуубу? |
| 15 | 14-18.12 2020// 19-23.04.21 | Эпос бүгүн, кечээ, эртең. Жыйынтыктоо | 2 | | “Манастаануу” курсунан өзүмө эмне алдым? |

**Студенттердин өз алдынча иштеринин графиги**

| № | Жума<br>Айлары | - | - | - | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | Баллд сумма |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | сентябрь // январь | | | | октябрь // февраль | | | | | | ноябрь // март | | | | | |
| 1 | Кезектеги көзөмөл | | 10.09-20; // 27.01.21 | | | | 10.10 – 2020-ж<br>12-14.02 | | | | | | 26.11-2020-ж | | | | | 40 балл |
| 2 | СӨИ тапшыруу мөөнөтү | | 16.09-30.09 | | | | 01-25.10. 2020-ж.<br>11-22.02.21 | | | | | | 25.10-25.11. 2020-ж.<br>04-22.03 | | | | | |
| № | Жума<br>Айлары | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | Баллдсумма |
| | | | декабрь// апрель | | | | май | | | | | | | | | | | |
| 1 | Кезектеги | | 10.12.-2020-ж. | | | | | | | | | | | | | | | 40 балл |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | көзөмөл | | 20-26.04.21 | | | |
| 2 | СӨИ тапшыруу мөөнөтү | | 21.11-13.12. 2020<br><br>02-23.04.21 | | | |

www.keu.edu.kg

*СӨИ – студенттин өз алдынча иштери